**УДК 371.315.5**

**БАТЫРКУЛОВА А. Б.**
*Кыргыз Билим беруу Академиясынын аспиранты*
**БАТЫРКУЛОВА А. Б.**
*аспирант Кыргызской Академии Образования*
**BATURKULOVA A. B.**

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН «ЖЕҢИШБЕК» ПОЭМАСЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨСТҮРҮҮ

## Развитие творческих мышлений учащихся в процессе преподавания поэмы “Жецишбек” А.Осмонова

## Creative thinking development of scholchildren in the process of teaching poem "Jenishbek" by A. Osmonov

***Аннотация:*** *Макалада адабият сабагында А. Осмоновдун “Жецишбек ”поэмасын окутууда окуучулардын чыгармачылык ой жугуртуусун остуруунун ыкмалары каралган. Окуучулардын чыгармачылык жондомдуулукторун онуктуруудогу инновациялык процесстер чечмеленген.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены методы развития творческих мышлений учащихся в процессе преподавания поэмы “Жецишбек” А.Осмонова. Говорится о развитии творческих способностей учащихся*

***Annotation****: The article describes the methods of the development of creative thinking of students in teaching of the poem "Zhetyshbek" a. Osmonov. Refers to the development of creative abilities of pupils*

***Туйундуу свздвр:*** *шык, жендем, коммуникативдик маданият, интерактивдуу усул, чыгармачылыкты внуктуруу, чыгармачылык менен ой жугуртуу, эки бвлуктуу кундвлук, эссе, кврквм окуу*

***Ключевые слова:*** *умение, способность, культура, коммуникация, интерактивный подход, развитие творчества, творческое мышление, две части дневника, очерки, литературные чтения*

***Key words:*** *skill, ability, culture, communication, interactive approach to the development of creativity and creative thinking, and the two parts of the diary, essays, literary readings*

Кандай гана керемет шык болбосун ал езунен езу, окуп-уйренуусуз, иш-аракетсиз енуге албайт. Бул женунде кептеген изилдеелерге таянган окумуштуулардын корутундулары ырастайт. Баланын катылып жаткан жендемдуулуктерунун ачылышына мумкунчулук беруу учун ар тараптуу окутуп-естуруу керек. Педагогикада бир нерсеге жендему жок адам болбойт деп эсептейт. Бирок жендемдуулукту еркундетууге, же жарым-жартылай еркундетууге, же таптакыр жок кылууга болот. Балдардын кеп кырдуу жендемдуулуктерун максаттуу, массалуу турде енуктурууге мектеп гана мумкундук берет. Окуучуга кичинесинен баштап ар турдуу иштерде езун активдуу керсетууге мумкундук беруу керек. Билим-чыгармачылыктын пайдубалы. Кеп нерсе билген, кеп окутан мугалим гана ез окуучусуна таасир калтыра алат. Эзунун адабият мугалими Войзеховичти улуу окумуштуу Н.М.Пирогов эч качан эсинен чыгарган эмес. Белгилуу педагог Водовозов, методист, академик М.А.Рыбникованын да окуучуларынын эскеруулерунде аларды емур бою эстеп калганын айтышат. Мындай бийиктикке кетерулген мугалимдер аз эмес.

Керкем чыгармаларга окуучуларды кызыктыруу мектептен башталып, бул адабият мугалимине тикеден-тике байланыштуу. Орто мектептин жогорку класстарынын окуучулары адабий китепти жен гана окуп койбостон, ага сын берет, баалайт, талдайт, ез элегинен еткерет. Адабият мугалими ез ишине канчалык кызыкса, окуучуларды ошончолук кызыктырат, тартат. Тажрыйбалуу адабият мугалимдери окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун естуруу учун кам керет. Окуучулар менен байланышты

уюштурууда мугалимдин коммуникативдик маданияты чоц роль ойнойт.

Окуучулардын окуп билим алуудагы иш аракетинин сапаты кебунче мугалимдин сабакка даярдануусуна кез каранды болот. Сабакка даярданууда мугалим бир топ маселелерди чечет: окуп уйренулуучу материалдын келемун белгилейт, сабактын окутуучу жана тарбиялоочу максаттарын аныктайт, сабакты уюштуруп еткеруу маселелерин ойлонуштурат, керсетме таркатма материалдарын даярдайт. Ошондой эле, окуучулардын денгээлине жараша суроолорду, еткен теманы кайталоо, сабакты бышыктоо учун суроолорду даярдайт. Мугалим программадагы материалды ансыз деле жакшы билиш керек. Эгерде сабак убагында мугалим конспекттен кезун албай айтып тушундурсе жана ошол учурда педагогикалык процесстин журушун байкабай калса, анда ал окуучулардын окуу иштерине жетекчилик кыла албайт. Сабактын планынын негизги маанисинин жана зарылдыгынын бири ушул. Интерактивдуу усулдарды пайдаланып окутуу - бул окуучулардын ар турдуу чейре менен ез ара активдуу кызматташуусуна, биргелешкен ишмердиктерин енуктурууге багытталган окуу процессинде демократиялуу, гумандуу, адилеттуу болгон окуу чейресун тузуу, анын бардык катышуучуларынын мумкунчулуктерунун ар кандай болгондугуна карабастан бардыгы бирдей абалда ез ара аракеттенуусун кездейт. Мындай шартта балдарда командада иштее, кызматташуу кендумдеру калыптанат, ез ара жардамдашуу жана кыйын кырдаалдарда бири - бирине колдоо керсетуу сезимдери еерчуйт, ез кучуне болгон ишеними артат. [ЭД]

Жаш муундар ар бир сабакта жаны, кызык нерселерди билгиси келет. Кызыктуу да, натыйжалуу да билим бериш учун мугалимден чоц жоопкерчилик талап кылынат. Айрым учурларда чыгарма канчалык таланттуу жазылса да, ал женунде айтуу ошончолук кыйын, ал эми окутуу андан да татаал болушу мумкун. Андай чыгармалардын бири бар болгону 156 саптан турган “Женишбек” поэмасы жалан гана

А.Осмоновдун эмес, бут кыргыз адабиятынын шедеврлерининин бири. Адабият сабагында Ата Мекендик согуш темасындагы поэмаларды окутуу Алыкул Осмоновдун Женишбеги аркылуу жыйынтыкталат. Поэма 1945-жылы 13-декабрда жазылган. Ар бир сабынан адамдардын Ата Журтка деген жана ата менен баланын ортосундагы суйуунун ысык илеби уруп турат. Поэманын алгачкы уч строфасындагы лирикалык чегинууну мисалга келтирип, сынчы Ш.Уметалиев мындайча жазат: «Эмне деген ажайып укмуштуу саптар! Мындагы поэзия, музыка, сыр - айтып тугеткус. Аны айтып бериш учун акындыкындай, Алыкулдукундай гана суйуу, сезим жана талант керек... Алыкулдагы бир касиет анын ар бир сезу сапка сабы, строфага строфа, чыгарманын бут бою менен кучакташа тушет да, ташка тамга баскандай кашкаят да турат. Чыгармалары комуздун кылындай сезгич жана сак: бирдеме алып же кошоюн десен бут денесине доо кетет да, кол тийгизбейт. Эгер болбой бирдемесин алып таштасан, бир мучесунен ажырагансып калат, кошо турган болсон, баркытка кийиз жамагансып, кезге деле еен учурайт, мен Алыкулдуку эмесмин деп, одурайган жамаачынын езу эле айтып коёт» [1] Кандай улуу сездер.

Поэмада бардык окуя Минбайдын айланасына топтолгон. Таягын таянып, жалкоо толкунду телмире тиктеген, кел кылаасында дагы эле жападан жалгыз турган карыянын умуттуу элеси кез алдыга улам тартыла берет. Анын оюнда Женишбеги баягыдай эле эркелеп тургандай.

Дуйне-емур, уул бердин, бала бердин,
Дуйне-емур, алоолонуп жана бердин.
Неге сен алые кеткен сапарынан,
Ээрин жок жайдакталып кайра келдин? «...Бул «Женишбек» поэмасынын керкемдук тузулушунун чордону, философиялык манызы. Адамдын тагдырындагы не бир кутулбеген имерилиштерди, психологиялык «жарылууларды» суреттее жагынан буткул ажарын ачып керкуне чыккан сонун сапаттарды алдын ала белгилеген чыгарма болду десек жанылышпайбыз. Мына ушул жагынан

алып Караганда поэма жанр катарында А.Осмоновдун чыгармачылыгында классикалык керкемдук баскычка кетерулду. Поэма-ой жугуртуу, поэма-легенда, поэма-аллегория, реалисттик жана философиялык поэма акындын кыргыз поэзиясына тузден-туз кошкон поэтикалык салымы». [2. 89.]

Ушул шедевр чыгарманы окутууда окуучулардын чыгармачылык ой жугуртуусун кантип енуктурууге болот? Интерактивдуу усулдарды колдонуу натыйжасын бере алабы? Окутуунун натыйжалуу болушу- усулдарды туура тандоого, максаттарды туура коюуга гана эмес, окутуунун формаларын туура тандоого дагы байланыштуу. Ошондуктан, окутуунун формалары жана типтерин аныктоодо мугалим маанилуу орунду ээлейт.

Анда сабактын фрагментин тузуп керелу.

Сабактын темасы: «Женишбек» поэмасы

**Сабактын максаттары:**

- **бил им беруучУлУк:** Чыгарманы угуп, окуп анын мазмунун тушуне алат; башка поэмалардан «Жецишбектин» айырмасын, Мицбай карыянын арман-куйуту жана анын табият менен гармониясы, поэманын эмоционалдык-экспрессивдуу кучун, лирикалык чегинуулерду тексттен мисал келтируу менен далилдей алат.
- **внуктуруУчУлУк:** ез алдынча ой жугуртуп, ез оюн айтууга кенугет, сез байлыгы есет.
- **тарбия беруучУлУк:** бири-бирин сыйлоого, колдоого, сабырдуулукка уйренет.

**Керсеткучтер:**

**Жогорудагы максаттар нш ке ашат, эгерде;**

- чыгарманын мазмунун тушунсе;
- чыгарманы талдай алса;
- каармандарга мунездеме бере алса;
- ез оюн далилдуу айтып, идеяларын доскага же флипчартка жаза алса;
- кызыктуу суйлемдерду алып, цитата белугуне, ал эми анын кенири маанисин комментарий белугуне жаза алса;
- аткарган иштерин презентация кыла алса;

- топтук ишти аткарууда бирин-бири сыйлап, уга билсе;

**Сабактын тиби:** Жаны билим беруучу **Сабактын формасы:** ез алдынча, топ менен иштее **Колдонулган ыкма:** 5 мунеттук эссе, эки белуктуу кунделук

**Сабактын жабдылышы:** Эки белуктуу кунделук чийилген флипчарт (№1 тиркеме) ар бир окуучуга карандаш, сызгыч керектелет.

**Процедура:**

Теманы етер алдында Улуу Ата Мекендик согушка байланыштуу кандай чыгармаларды окуганын, кинофильмдерди кергендеру боюнча бир аз ангемелешуу жургузулет. Доскада жазылган кутуу, Ысык-Кел, жениш, карыя деген тушунуктер катышкан к жазылып коюлат

**1.** - Балдар, доскада жазылып турган «кутуу, Ысык-Кел, жениш, карыя» деген тушунуктер катышкан кандай чыгарманы билесинер? Оюнарды айтып кергулечу. Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат**.**

**2. Окуучулардын жоопторун уккан соц, ушул терт тушунукту катыштырып, 5 мунеттук эссе жазууга тапшырма берет.** Жогорудагы берилген 4 тушунукту катыштырып окуучулар эссе жазышат.

(Мугалим 5 мин. убакыт берет).

а) -жеке иштешет;

б) -кошунасы менен иштее;

в) -класста окуу

Эссе жазылып буткенден кийин, убакытты сарптап «в» вариантына етсе да болот. Демек, жазгандарын жалпы класска каалоочулар окуп беришет.

Мугалим окуучуларды чыгарма менен тааныштырардан мурун бул чыгарма эмне женунде болушу мумкун деп ойлойсунар? деген суроону беруу менен сабакты баштайт. Чыгарманы мугалим керктуу, комментарийлеп окуп берет.

Мазмун менен тааныштырган соц, классты уч топко белуп, аларга тексттен

1. ете тац калтырган жерин;

2. ез турмушунда болгон нерселерди эске тушурсе;
3. же ассоцация жаратса;

1. же жан дуйнене каршылык пайда кылган деп эсептеген сез, сез айкашы, ыр саптарын алып цитата белумуне, ал эми дал ушул цитатаны жазууга эмне мажбур кылды? Ал кандай ойлорду пайда кылды? Ошого байланыштуу кандай суроолор туулду? кенири маанисин комментарий белугуне ар бири ез алдынча жазып тапшырат.

**Улгу:**

| **Цитата** | **Комментарий** |
| --- | --- |
| 1.«Ба, чиркин! Турмуш канча мол болсо да,<br>Ар дайым бир жеринен толбой калат.<br>Куткендер тарай-тарай суюлганда,<br>Аксакал бир чал калды пристанда.<br>Сурдугуп ташка тийген тулпарга окшоп,<br>Жарыктык аяк шилтейт аран гана»<br>2. «Бир эмес, ындыны ечуп нечен курдай,<br>Кур кайткан азыркыдай шордуу Минбай.<br>Бирок да умут чиркин курч эмеспи,<br>Теренден оргуп чыгат тим тура албай.<br>3.«Дуйне-емур, энчи бердин, уй-жай бердин,<br>Дуйне-емур, алоолонуп жана бердин. Неге сен алые кеткен | 1.Бул саптар мага абдан таасир калтырат. Кез алдыма согушта кайтпай калган, Ата Мекенин коргоп жатып каза тапкан жоокер, анын туулуп ескен эл-жери, жалгыз баласынан айрылып, туяксыз калган ата-энеси, алардын умуту жана кайгысы кез алдыга тартылат.<br>2. Кутуу кандай жаман. Эчпеген умут.<br>«Ак кемедеги» Нургазы атасын зарыгып кутсе, мында Минбай карыя баласын умуттуу жол карап тосот. Эмне учун билсе деле умутун узбейт болду экен, атасы, апасы, карындашы. Мени ушул нерсе абдан ойлондурду.<br>3. Минбай чалдын курман болгон уулун кутуп, куру убара тартышы езунче алганда жан кейитет.Минбайдын куру бекер кутуусуне, арылбас капасына Ысык-Кел тен орток болот. ж.б .....азыр деле мигрант уул-кызын кутуп, жол карап журген |

| | |
|---|---|
| сапарыщан Ээриц жок жайдакталып кайра келдиц?» | ата-энелер канча? Ээриц жок жайдакталып кайра келдиц? Башка чыгармаларда деле айтылгандай жакшылыктын жышааны эмес, ээсин жоготкондогу белги. |

Ар бир топ аткарган иштерин презентация кылышат. Мугалимдин суроолору коштолуп турат: -Ушул цитатаны алганга эмне себеп болду? (оозеки оюн угуу) -Ушул цитата даты кимде бар. Кандай комментарий бердициз

Мугалим жана окуучулар аларга суроо беруу аркылуу такташат жана жыйынтыкташат.

1. Эмне $Y^4Y^H$ Жецишбекти Мицбай ун катпай кунде келип кутсе, энеси ууз кымызы менен кээде келип жаш тегуп кутет, а булардын кызы ата-энесине билгизбей кутет?
2. Окуянын Ысык-Келдун боюнда етушун кандай ойлойсуцар? ж.б.

**Потенциалы:** Окуучулар бул ыкма аркылуу чыгарманын мазмуну менен езунун ой-пикирин жана жеке тажрыйбасын байланыштырышат, алардын сабакка кызыгуусу артат. Барактын комментарий белугуне ушул цитатаны жазуунун себеби, ал кандай ой-пикирлерди жана суроолорду пайда кылгандыгы женунде комментарий жазышат. Чыгармаларды бугунку кундун проблемалары менен байланыштырып чечмелее окуучулардын керкем чыгармага болгон кызыгуусун, адабий децгээлин арттырат. Демек, эссе жаздыруу, цитата, комментарий бири бирин толуктоо менен окуучулардын активдешуусуне, чыгармачылыгынын есуусуне ебелге тузет.

***Пайдаланылган адабияттар***


1. Уметалиев Ш. Алыкул Осмонов, Фр., 1958, 110-б.
2. Асаналиев К. Эрден ерге, Фр., 1977. 89-б.
3. Эл аралык долбоор
4. Муратов А., Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2013.
5. *Оторбаев Б.К, Адабиятты окутуунун интерактивдуу жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы. - Б.: 2008.*
6. *Кыргыз адабиятынын программасы. Б-2015*
1. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери учун окуу китеби/Б.Алымов.-Ф.:«Мектеп»,1981.-21


***Рецензент:*** **Рысбаев С.К.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор, КАОУнун.